Очевидно, что неблагоприятное воздействие на окружающую среду при организации «зеленых» закупок намного ниже, причем как на местном, так и на глобальном уровне. Учитывая, что госзакупки составляют значительную часть ВВП многих стран, с их помощью можно достичь больших успехов в области охраны окружающей среды.

Ответственный подход к закупкам со стороны государства стимулирует производителей и поставщиков, побуждая их внедрять в свою деятельность инновационные «зеленые» технологии и товары. Формирование более обширного рынка приводит к постепенному снижению цен на экологически безопасные товары, что, в свою очередь, еще больше увеличивает интерес к ним и позволяет им становиться более конкурентоспособными.

В конце концов, закупки «зеленых» товаров позволяют в немалой степени экономить бюджетные средства.

**Список использованной литературы**

1. Государственные «зеленые» закупки: опыт правового регулирования и предложения по внедрению в России / О. Анчишкина, Ю. Грачева, Р. Исмаилов, Е. Кузнецова, А. Птичников, Е. Хмелева. – Москва, 2020, 64 с.
2. Шадрина Е.В., Ромодина И.В. Государственные закупки для устойчивого развития: Международный опыт // Вопросы государственного и муниципального управления, 2017, №1, с. 149-172.
3. Руководство по внедрению устойчивых государственных закупок. Методологический подход ЮНЕП. Программа ООН по окружающей среде (пер. с англ.), 2014. – URL: http://ecounion.ru/wpcontent/uploads/2014/04/ UNEPImplementationGuidelines_RUS.pdf (дата обращения 15.11.2023).
4. Кыргызстан – страна зеленой экономики: Концепция зеленой экономики в Кыргызской Республике, 2018. – URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/preview/ru-ru/83126/10?mode=tekst (дата обращения 16.11.2023).
5. Сыдыкбекова Ч. «Зеленая» экономика: перспективы правового обеспечения // Вестник КНУ, Спецвыпуск, с. 173-181.

УДК 338.04
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-237-242

**Капарова Г.Т., Ирискулов И.**
К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети, Гуманитардык-экономикалык колледжи
**Капарова Г.Т., Ирискулов И.**
Международный университет имени К.Ш. Токтомаматова, Гуманитарно-экономический колледж
**Kaparova G.T., Iriskulov I.**
International University named after K.Sh.Toktomamatov, College of Humanities and Economics

# РЕГИОНДОРДУН МИГРАЦИЯ КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА “ЖАШЫЛ” ЭКОНОМИКА МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ
# ПРОБЛЕМЫ МИГРАЦИИ РЕГИОНОВ И ВЗАИМОСВЯЗЬ С "ЗЕЛЕНОЙ" ЭКОНОМИКОЙ
# PROBLEMS OF MIGRATION OF REGIONS AND THEIR CONNECTION WITH THE "GREEN" ECONOMY

**Кыскача мүнөздөмө:** Макаланын максаты - региондук миграциянын өзгөчөлүктөрүн, жашыл экономиканын байланышын карап чыгуу жана миграциянын себептерин талдоо. 2022-жылы Кыргызстандын ИДПсына акча которуулардын катышы, ошондой эле Кыргызстанда жашабаган жарандардын саны негизги көңүл бурулат. Авторлор Жалал-Абад районунда жайгашкан алты айыл өкмөттүн миграциялык статистикасын изилдешет. Айылдардагы миграцияны азайтуу жана “жашыл” жумуш орундарын түзүү жолдору сунушталды

**Аннотация:** Цель статьи заключается в рассмотрении особенностей региональной миграции во взаимосвязи с зеленой экономикой, сделан анализ причин миграции. Главным образом рассматривается соотношение денежных переводов к ВВП Кыргызстана в 2022 году, а также количество граждан, не проживающих на территории Кыргызстана. Авторы изучают статистические данные миграции, шесть айыл окмоту, расположенных по Жалал-Абадскому округу. Предложен способ сокращения миграции в сельских айылах путем организации “зеленых” рабочих мест.

**Abstract:** The purpose of the article is to consider the features of regional migration, the relationship of the green economy, and the analysis of the causes of migration. The main consideration is the ratio of remittances to Kyrgyzstan's GDP in 2022, as well as the number of citizens who do not live in Kyrgyzstan. The authors study migration statistics, six aiyl Okmotu located in the Jalal-Abad district. The ways of reducing migration in rural villages and creating “green” jobs are proposed.

**Негизги сөздөр:** миграция; аймактык миграция; себептери; айыл өкмөттөрү; ИДП; динамика; “жашыл” экономика.

**Ключевые слова:** миграция; региональная миграция; причины; аыйл окмоту; ВВП; динамика; “зеленая” экономика.

**Keywords:** migration; regional migration; causes; ayil okmotu; GDP; dynamics; “green” economy.


Курчап турган чөйрөнүн булганышы жана табигый капиталдын азайышы эмгек рыногуна, жумуштуулукка жана социалдык абалга терс таасирин тийгизет.


Миграция көбүнчө жагымсыз экологиялык, социалдык жана экономикалык көйгөйлөрдүн алдында жашоо каражаттарын камсыз кылуу үчүн жүргүзүлөт. Миграция көбүнчө экологиялык шарттардын начарлашына байланыштуу киреше булактарын диверсификациялоо жана жашоо-тиричиликти камсыз кылуу үчүн үй чарбалары тарабынан көрүлгөн жоop болуп саналат.Экологиялык өзгөрүүлөр миграцияга азыр жана келечекте таасирин тийгизет, айрыкча анын бир катар экономикалык, социалдык жана саясий кыймылдаткычтарга тийгизген таасири аркылуу, бул өз кезегинде миграцияга да таасирин тийгизет.


Бирок, бул кыймылдаткыч механизмдердин өз ара аракеттенүүсүнүн диапазону жана татаалдыгы айлана-чөйрөнүн өзгөрүшү миграциянын бирден-бир себеби болгон адамдарды аныктоо сейрек мүмкүн болоорун билдирет. Кирешеси төмөн өлкөлөрдө тобокелчиликте жашаган адамдардын баары же айрымдары миграцияга кетет, айлана-чөйрөнүн өзгөрүшүнө жооп кайтарууда адамдардын негизги ролун тааныбайт жана миграциянын натыйжаларына таасир этүүчү башка чектөөлөрдү этибарга албайт. Анын үстүнө, Н.Тынаевдин оюу боюнча, бийликтин бардык деңгээлдеринде эмгек миграциясы көйгөйүнүн актуалдуулугу жөнүндө сөз болуп, анын ар кыл аспектилерин карап, трансферттердин көлөмүн эсептеп жатканына карабастан, иш жүзүндө бул маселени чечүү жаатында жылыш болбой келет: чыныгында мамлекет эмне кыларын билбейт [1].

Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 17-июлундагы № 61 “Тышкы миграция жөнүндө” Мыйзамында миграция – ар кандай себептер менен Кыргыз Республикасынан башка өлкөлөргө жана башка өлкөлөрдөн Кыргыз Республикасына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагынын чегинде туруктуу же убактылуу жашоо максатында жеке жактардын көчүп жүрүшү катары аныкталган [2]. Миграциянын пайда болуусунун негизги себеби катары жумушсуздукту белгилөөгө болот. Жумушсуздук (өзгөчө жаштар арасында), ошондой эле билим берүү, саламаттыкты сактоо, санитария жана инфраструктура сыяктуу чечилбеген социалдык көйгөйлөр экологиялык көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун издөөнү кыйындатат. Бүтүндөй алганда, миграциянын өсүшү коомдогу жаңы көйгөйлөрдүн жаралышына алып келүүдө: үй-бүлөлөрдүн жабыркоосу, балдардын ата-эненин кароосусуз калышы байкалууда. Мындан сырткары эмгекке жарамдуу курактагы калктын “мээ” агымы орун алууда [3]

Кыргызстан 1991-жылы эгемендүүлүгүн жарыялаган соң, саясий жана экономикалык жактан эркиндикке ээ болуу менен бирге, жарандарынын дагы чет өлкөгө эркин чыгуу кыймылы башталган. Айрым илимий изилдөө мекемелеринин жана адистердин эсептөөлөрү боюнча, жумушчу мигранттардын саны Кыргызстан калкынын 1 млн 94 миңдейи өлкөдө убактылуу жашабайт. Бул экономикалык активдүү калктын 10 пайызынан жогору. Ал эми акчалай которуулардын ИДПга болгон катышы боюнча, 2022-жылы Кыргызстан 30,3% менен дүйнөдө экинчи орунду ээлеген [4]. Миграциянын себептерин аныктоо жана анын жөнгө салуу механизмдерин иштеп чыгуу үчүн бул маселенин эмпирикалык жактан терең изилдениши абдан маанилүү. Ошондуктан Кыргызстандын калкынын миграциясына себеп болгон факторлорду эмпирикалык жол менен изилдөө максат кылынды. Эмпирикалык анализ Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан жарыяланган жылдык маалыматтардын жана «Кыргызстандагы жашоо» аттуу сурамжылоонун тагыраак Жалал-Абад шаарынын айыл-аймагында жайгашкан 6 айыл өкмөттөрдүн маалыматы колдолунду.






Иликтөөнүн натыйжасында алты айыл өкмөтүнүн жыйынтыгы менен миграциянын себептеринин бири киреше табуу экен ал 90% түздү, билими боюнча жалпы орто 58%, биздин жарандар агенттик мекемелер жана чет өлкөлөрдөгү борборлор аркылуу ишке орношуу 2%-19% көрсөттү бул деген жарандарыбыз мыйзамдуу легалдуу жумуштарга орношбойт, жашы боюнча мигранттарыбыз 30-45 курактагы жарандарыбыз экен. Натыйжада жарандарыбыздын миграция себептери жумуш издөө(киреше табуу), жашоо шарттарын жакшыртуу жана жашоо образын өзгөртүү болуп саналат экен. Жарандарыбыздын эмгеке жарамдуу 30-45 жаштагы дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө мигрант болушу бир эле иш үчүн алынышы мүмкүн болгон эмгек акынын деңгээлиндеги айырмачылык болуп жатат ошол себептен аыйыл жергесинде миграцияны азайтуу максатында “жашыл” жана татыктуу жумуш орундарын түзүп берүү экенин далилдедик, экономикалык иштин түрлөрү боюнча “жашыл кесиптердин” тизмесин иштеп чыгуу, “жашыл”жумуш орундарын түзүү болуп саналат.












Жыйынтыгында элет жеринде “жашыл жумуш” оруңдар программасын фермерлерге жашоо образын өзгөртүүгө жана алардын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга “жашыл” технологияларды колдонуу экени зарыл;

- тынымсыз суу ташкындар болуп жаткан айылдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте колдогу суу ресурстарын жакшыраак башкаруунун эсебинен экстремалдык аба ырайынын таасирин азайтуу моделин иштеп чыгуу;

- элет жеринде жергиликтүү өкмөттүн биргелешкен демилгеси менен фермерлерди биогаз өндүрүү үчүн кыкты кантип колдонууну үйрөтүү долбоорду ишке ашыруу, бул өз кезегинде аларды электр энергиясы менен жер семирткичтин жеткиликтүү булагы менен камсыз кылып, кирешени жана түшүмдү көбөйтөт, ошондой эле айылдарда биогаз өндүрүү боюнча тренингдерди өткөрүү жана экологиялык туруктуу технологияларды колдонууну жайылтуу үчүн жумуш оруңдарын түзүү.

Кыргызстанда миграциянын деңгээли масштабдуу болушу менен бирге, анын регионалдык жана үй-чарбанын өзгөчөлүктөрүнө ээ болгондугун айтуу мүмкүн. Бул жагдай миграциянын жөнгө салынышында жасала турган иш чараларда эске алуунусу зарыл.

**Колдонулган адабияттар**

1. Тышкы миграция жөнүндө: КРнын 2000-жылдын 17-июлундагы № 61мыйзамы.
2. Тынаев Н. Кыргызстандагы миграциялык саясат кыйроого дуушар болду / Электрондук текст / Жеткиликтүүлүк режими: https://www.vb.kg/doc/333080_nyrdin_tynaev:_migracionnaia_politika_v_kyrgyzstane_razvalena.html
3. Салморбекова, Р. Б. (2022). Кыргыз Республикасындагы миграциянын кесепеттери. Society and Security Insights, 5(2), 178-185. https://doi.org/10.14258/ssi(2022)2-12
4. Режим доступа: www.data.migrant.kg
5. Осмоналиева Ч.Ч. Влияние устойчивого развития горных регионов на миграцию // Вестник КНУ, 2023, Спецвыпуск, с. 81-87.

УДК 338.45.01

DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-242-248

**Рачковская И.Н., Сыйдалиева Н.Ж.[2]**
Ж.Баласагын атандагы КУУ
**Рачковская И.Н., Сыйдалиева Н.Ж.[2]**
КНУ им. Ж.Баласагына
**Rachkovskaja I.N., Siydalieva N.J.[2]**
KNU J.Balasagyn

ORCHID: 0009-0000-9075-3054[2]

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ: ТАРЫХЫЙ КӨЗ КАРАШ ЖАНА ЗАМАНБАПТЫК
# РАЗВИТИЕ ЛЁГКОЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ: ИСТОРИЧЕСКИЙ РАКУРС И СОВРЕМЕННОСТЬ
# DEVELOPMENT OF LIGHT INDUSTRY IN THE KYRGYZ REPUBLIC: HISTORICAL ASPECT AND PRESENT SITUATION

**Кыскача мүнөздөмө:** Макала 20-кылымдын 20-жылдарынан бүгүнкү күнгө чейинки Кыргыз Республикасындагы жеңил өнөр жайынын өнүгүүсүнүн негизги этаптарына арналган. Советтер Союзу мезгилинде өнөр жайды куруунун негизги принциптери: рационалдуу территориялык жайгаштыруу, эмгекти уюштурууда илимий мамиле кылуу жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга багыттоо, өндүрүштүн тик чынжырларын түзүү, квалификациялуу кадрларды даярдоого көңүл буруу каралат. Дүйнөлүк жеңил өнөр жайынын өнүгүүсүнүн заманбап тенденциялары жана аны Кыргыз Республикасында уюштуруунун өзгөчөлүктөрү изилденген: текстиль өндүрүшүнүн кыскарышы, ири ишканалардын жетишсиздиги, рынокторго көз карандылык. Макалада жеңил өнөр жайынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча сунуштар берилген.

**Аннотация:** Статья посвящена основным этапам развития лёгкой промышленности в Кыргызской Республике, начиная с двадцатых годов двадцатого века и до сегодняшних дней.